*Маалымдама*

# ЖАБЫК ЗОНА ЭМЕС

**Абылов Темир Сулайманович — Ош бажыканасында 1992-жылдан бери эмгектенет. Тактап айтканда биздин мамлекет эгемендүүлүккө ээ болуп, бажы кызматы системабызга жаңыдан киргенден баштап, анын алгачкы кышын коюшууга белгилүү бир өлчөмдө өз салымын кошуп келе жаткан жигиттерибиздин бири. Жакында «Ош жаңырыгы» гезитине бажы кызматы тууралуу кээ бир дооматтар түшкөндүгүнө байланыштуу, жана деги эле бүгүнкү күндөгү Ош бажыканасындагы иштер боюнча маек куруну чечтик.**

**— Темир Сулайманович, жалпы эле бажы кызматы тууралуу эмнелерди айтууга болот. Анын үстүнө бул биздин системабызга кирип жаткан жаңы кызмат эмеспи?**

— Бажы кызматы — өтө сыймыктуу иш деп айтаар элем. Себеби өлкөбүздүн казынасын толтурууда бажы кызматы эң чоң роль ойнойт. Мисалы бажы кызматы жаңыдан уюштурулган 1992-жылдары биз өкмөттүк бюджетке 300—400 миң сом гана өткөрүп турган болсок (ай сайын), азыркы күндө ай сайын 5 миллиондон ашык акча өткөрүп турабыз. Мунун ичинде бажы пошлинасы, акциздик жана кошумча наркка налогдун коюлган түрү, ошондой эле бажы (сбор) өлчөмдөрү бар.

Бажы кызматы сыймыктуу да, нары өтө жоопкерчиликтүү да иш. Себеби биз де иштин убакты-сааты чектелбеген. Керек болсо күнү-түнү дебей өз иштерибизди бүткөрүү үчүн жөнөп кете беребиз. Биздин республика өз алдынчалуулукка, эгемендүүлүккө өткөн алгачкы жылдары бардык башка нерселер сыяктуу эле бизде да

— Мүмкүн бул бекер жерден чыккан эместир. Себеби жана сөз кылып кеткенимдей бажы кызматы жаңыдан иштей баштаган алгачкы учурларда анын дарегине бир кыйла доо кетип, терс көз караштарды пайда кылган көрүнүштөр орун алгандыгы жашыруун эмес. Биздин системабызга бажы кызматы жаңы кирген убакта атайы кабыл алынган мыйзамдар дээрлик болбогон, болсо да чийки эле. Мына ушундай баш аламандыктан пайдаланып калган «эргулдар» менен ишкерлердин ортосунда «бармак басты, көз кысты».

Жанагы айтылып кеткен «пара», «көлөкөдөгү пайдалар» — чындап эле көлөкөдө. Аларды кармай албайсың, оңойлук менен, бирок алардын жолун тосуп коё турган мыйзамдар бар. Биздин Республиканын Конституциясында белгиленгендей мыйзамдар түбөлүктүү эмес, кырдаалга жараша өзгөрүп, толукталып, ар кандай тартипсиздиктерге чек коюлуп олтурат.

**— Жакында гезитибизге Ош шаардык ички иштер бөлүмүнүн экономикалык коррупция жана кылмыштуулук**

Шаардык ОБЕПКнын кызматкерлеринин биздин иштерибиз боюнча оперативдүү маалыматы бар болсо гана текшерүүгө укугу бар. Ал үчүн облустук же республикалык прокуратурадан жазуу түрүндө чечим алып бажыкананын жетекчилигине берилүү керек. Ал эми бизге доомат коюп жаткан ОБЕПКнын кызматкерлери эч кандай конкреттүү маалыматы жок эле, сүзө качырып кирип, ылайыксыз текшерүү жүргүзүшкөн.

**— Жогоруда сиз Ош бажыканасынын бир айлык планы 5 млн сом деп айттыңыз, ал эми кээ бир убактарда бир эле күндүн ичинде 1 млн. сомдон ашык акчаны өткөргөн экенсиздер.**

— Мында жашыруун эч нерсе жок. Бир эле күндүн ичинде ошончолук акча өткөргөнүбүз чындык. Бирок бул нерсе кырдаалга гана жараша. Дайыма эле ошондой боло бербейт. Мисалы чакан жана орто бизнестин өкүлдөрү алыскы жана жакынкы чет өлкөлөргө алып чыгып бараткан же алып келе турган товарларынын өлчөмүнө, наркына ылайык бажы өлчөмдөрүн алдын-ала төлөтүүгө акыбыз бар. Бажы Кодексинде ушундай статья жазылган. Демек, кээде ири товарларды алып бараткан же келаткандар учурап калат.

**— Ош бажыканасында эки айдан бери текшерүүдөн башыбыз чыкпай жатат дедиңиз, текшерүүлөрдүн жыйынтыгы эмнени көрсөттү?**

— Эгерде ишибизде кыныктык болбосо, мыйзамга ылайык иштеп жаткан болсок, бизден эмнени табуу керек?

жерлеринде эки пост, Лейлек менен Ленинабад облусунун чектеринде негизи үч пост бар, бирок бир эле пост иштеп жатат. Аэропорттогу бир постубуз жайгашкан. Ошону менен бирге биздин Ош бажыканасынын башкармалыгынын алдында контрабанда жана бажы тартиптерин бузууга каршы оперативдүү топ иштейт. Жакынкы жана алыскы чет өлкөлөргө бараткан же келе жаткан автотранспорттордун бажы документтерин бүтүрүп даярдай турган дагы бир бөлүм, ошондой эле жакынкы же алыскы чет өлкөлөргө жөнөтүлүп жаткан же алып келе жаткан товарлардын (экспорт же импорт) бажы документтерин даярдоочу дагы бир бөлүм ачылган. Өзүбүздө оперативдүү күзөт бөлүмү дагы бар. Бардыгы бо

менен атайы бекитилген бажы өлчөмдөрүнүн көлөмү чындыгында эле өтө жогору. Мисалы алыскы чет өлкөлөрдөн келген товарларга 10 пайыз пошлина. 20 пайыз НДС коюлат. Өзбекстан жана Казакстан сыяктуу жакынкы чет өлкөлөрдөн келген товарларга бул мамлекеттер менен түзүлгөн келишимдин негизинде 20 пайыз коюлат. Ошентип мында негизги күнөө түздөн-түз бажы кызматкерлеринде деп эсептөөгө болбойт.

— **Мүмкүн бажы кызматкерлери бул пайыздардан жогорураак алып коюшабы?**

Антүүгө мүмкүн эмес. Себеби тажрыйбалуу бизнесмен, коммерсант же мекеме, фирма өкүлү челнокчулар товарына канча пайыз төлөөрүн беш колдой билишет да. Экинчиден, базарларга товарлардын келип түшүшүнүн азайышын азыркы учурдагы улуттук валютанын инфляцияга учурап жатышынан да көрүүгө болот. Облусубуздун аймагына алынып келинип же алып чыгып кетип бараткан товарлардын бажы өлчөмүн мамлекеттик деңгээлде токтом менен азыраак ставка коюп бекитип беришсе жакшы болоор эле деген ойдомун.

— **Темир Сулайманович, бажы кызматы коррупция кылмыштуулук деген сөздөрдөн алыстай албайт деген ге көз карашыңыз?**

каналарда бул түшүнүк ка- димкидей эле турмуштук сөз катары угулуп калды окшойт?

— Эгерде бизге тиешелүү сүн айта турган болсок, жаңы бажы Кодекси, андагы кабыл алынган мыйзамдар дал ошол «теневой доходдор дун» жолун буу үчүн эң зор мыйзамдуу курал. Ооба, биздин жаңыдан чындап бутуна туруп келаткан жаш өлкөбүз, «демократ аралчабыздын» жаш мамлекеттик системасы үчүн зор тоскоолдуктар бар. Алардын бири мына ушул элдин «ар ким өз чөнтөгү, өз папкеси, өз шапкеси» үчүн жанталашып, өкмөттүн казынасына да коркпой-үркпөй кол сала койгондорун таштай албай жаткандыгы. «Беш кол барабар болбогон сыяктуу эле, ар бирибиз ар кандай пенде экенбиз. Бирок «кыңгыр иш кырк жылда» дегендей, тагдырдын адилеттик таразасы баары бир оң жагына оойт деп ойлойм.

— Ош шаардык ички иштер бөлүмүнүн экономикалык коррупция жана кылмыштуулукка каршы күрөшүү бөлүмүнүн кызматкерлери сиздерди текшерүүгө укугу барбы?

текшерүүлөрдөн башыбыз чыкпай жаткандыгынын айынан алыскы постторубуздан 1—2 айдан бери кабар алалбай жатабыз.

**— Ош шаардык ички иштер бөлүмүнүн экономикалык коррупция жана кылмыштуулукка каршы күрөшүү бөлүмүнүн кызматкерлери сиздерди текшерүүгө укугу барбы? Себеби алардын кызматкерлери текшерүү үчүн келген убакта Ош бажыканасынын начальниги К. Жамакеев уруксат берген эмес.**

— 1997-жылдын 1-апрелинде Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан атайы указ чыгарылган. Анда бажы кызматын фискалдык жана укук коргоо органдары тарабынан жүйөөсүз текшерүүлөргө тыюу салуу жөнүндө айтылган. Себеби жана да айттым, азыр да баса белгилеп кетким келет, бажы кызматы башка укук коргоо органдары сыяктуу эле аскердик кукук коргоо органы болуп эсептелет. Эгерде биздин бажы кызматы менен башка укук коргоо органдарынын ортосунда пикир келишпөөчүлүк болуп калса же мыйзамдуу түрдө текшерүү зарылдыгы келип чыкса аны жергиликтүү прокуратура мыйзамга ылайык жөнгө салууга тийиш.

ган болсо, ар кандай текшерүүлөрдөн жадап бүттүк. Мейли текшерүү болсун, бирок кантип эле эки айга чейин, а деги биз өз ишибизди кылуубуз керекпи, жокпу? Ай сайын миллиондогон сом пландарыбыз болсо, аны аткаруубуз керек. Эгерде бажы өлчөмдөрүн өз убагында өндүрө албай калсак, жооптуу болуу коркунучу бар. Ал эми өкмөтүбүздүн казынасын байытууда биз зор жардам берүүбүз керек. Ошол эле бажы өлчөмдөрүнөн түшкөн акчанын баары, бюджеттин казанын карап олтурган карыкартаң пенсионерлерге, студент жаштарга, мугалим окутуучуларга, дарыгерлерге ж.б. абдан зарыл. Ошондуктан менин айтайын дегеним, ички иштер органынын кызматкерлери да бизди туура байкап, бири-бирибизге түшүнүшүү менен мамиле кылсак.

Маекти алып барган Анара СУРАКМАТОВА.